# ТАРМАКТАР АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТЫН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ*

Тармактар аралык байланышты орнотуу үчүн аталган байланышты сурап жаткан оператор төмөндөгү шарттарды аткарышы зарыл:

1. Тармактар аралык байланышты сурап жаткан электр байланышынын оператору төмөндөгү документтерди бериши керек:

1.1. Юридикалык жак катары каттоосу (кайра каттоосу) жөнүндө күбөлүк;
1.2. Юридикалык жактын уставы;
1.3. Юридикалык жактын аткаруу органын дайындоо/шайлоо туурасында документ;
1.4. Келишимге ыйгарым укуктуу жак кол коё турган болсо, өкүл атына ишеним кат;
1.5. Банк реквизиттери;
1.6. Салык органдарында каттоого тургандыгы туурасында маалымат;
1.7. Электр байланыш оператору катары иш жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиясы;
1.8. Радиожыштык спектрин колдонууга лицензиясы;
1.9. Маалымат берүүгө лицензия (эгер тармактар аралык байланыш маалымат берүү үчүн колдонула турган болсо);
1.10. Номерлөө ресурстары бөлүнүп бериле тургандыгын тастыктоочу документ;
1.11. Кыска номерлер бөлүнүп бериле тургандыгын тастыктаган документ (эгер тармактар аралык байланышта «НУР Телеком» ЖЧКнын абоненттеринин кыска номерлерге жеткилигин уюштуруу керек болсо).

2. Тармактар аралык байланышты сурап жаткан электр байланыш оператору көрсөтө турган кызматтарында колдонула турган жабдууларынын сүрөттөлүшү менен кызматтар тизмесин бериши зарыл.

3. Тармактар аралык байланышты сурап жаткан электр байланыш оператору оператор сунуштаган кызматтар түрүнө жараша аныктала турган шарттарга ылайык тармактар аралык байланыш үчүн иш-чаралар комплексин өз жагынан уюштуруусу зарыл.

Көрсөтүлө турган кызмат түрүнө жана ал кызматтарга колдонула турган жабдууларга жараша тармактар аралык байланыш тартибин «НУР Телеком» ЖЧКсы тармактар аралык байланышты сурап жаткан оператор менен биргеликте белгилейт.

Тармактар аралык байланышты сурап жаткан электр байланыш оператору тармактар аралык байланыш орнотулгандан кийин төмөндөгү талаптардын сакталышын камсыздоосу зарыл:

- Үн жана сигналдык трафиктин, анын ичинде кыска тексттик билдирүүлөрдүн (SMS) түздөн-түз тармак абоненттеринен «НУР Телеком» ЖЧКнын абоненттери сыяктуу эле үчүнчү операторлордун (электр байланыш кызматтарынын) тармактарына өтүшүн камсыздоо;
- Тармактар аралык үн жана сигналдык трафиктин күнү-түнү өтүүсүн камсыздоо, башка Тарапты болжолдонгон оңдоо иштерине чейин 3 (үч) күндөн кем эмес убакта жазуу түрүндөгү эскертүүсү менен Тараптардын жабдууларында профилактикалык жана оңдоо иштери жүргүзүлгөн макулдашылган убакыт аралыктарын эске албаганда;
- Өзүнүн эсебинен жеке көчмө радиотелефон байланыш тармагынын коммутация борборунан байланышты уюштуруунун макулдашылган схемасына ылайык туташтыруу жерине чейин тармактар аралык байланыш линияларын уюштуруу:

  Тармактар аралык байланыш линияларынын жалпы жүктөмү 75%дан ашкан учурда, тармактар аралык байланышты сурап жаткан электр байланыш оператору өз

тарабынан эң көп күч келген маалда жалпы жүктөмү 72%дан ашпаган санда тармактар аралык байланыштын кошумча линияларын уюштурууга милдеттүү.

- Башка Тараптын тармагы менен болгон байланышка терс таасирин тийгизе турган өзүнүн тармагында орун алган каалаган бузулуулар, ошондой эле аларды оңдоо чаралары жана мөнөөттөрү туурасында башка Тарапка дароо билдирүү;
- Башка тараптан жазуу түрүндөгү суроо-талап алган учурдан тартып он күн аралыгында «НУР Телеком» ЖЧКнын тармагындагы мурдагы номерлерди алмаштыруучу же жаңыларын киризүүчү номерлөөгө өз тармагынан жеткилик ачууга.

Тармактар аралык байланыштын финансылык шарттары:

- Өз ара көрсөтүлгөн кызматтар үчүн тарифтер окшош (чагылдырылма) болуп, кызмат түрүнө жараша белгиленет (тармактар аралык трафик, транзиттик үн трафиги, эл аралык трафик ж.у.с.);
- «НУР Телеком» ЖЧК тармагынан же үчүнчү оператор тармагынан же «НУР Телеком» ЖЧК тармагы аркылуу электр байланыш кызматынан чыккан жана Оператор тармагы аркылуу транзит катары өткөн телефон трафигинин өтүшү үчүн жеткирүү таксалары ар бир транзиттик багыт боюнча өзүнчө орнотулат;
- Жалпы суммаланган үн трафиги ар бир секундасына, ар бир туташуу үчүн биринчи секундасынан баштап, отчеттук мезгилдеги аяккы жыйынтыктарын мүнөткө чейинки тегеректөөсү менен эсептелет (чоңураак жагына тегеректелет). Чакырылып жаткан абоненттин (анын телефонунун, телефаксынын, авто жооп бергичинин, модеминин же башка түпкү абоненттик түзүлүштүн (ТАТ)) жооп берген учурдан тартып, чакырылган же чакырып жаткан абоненттин чакырууну токтоткон учуруна чейин тарифтештирүү жүрөт, тарифтелбеген аралыгы менен чалууларды кошпогондо.
  Тарифтелбеген аралык – эл аралык жана транзиттик чалууларды кошпогондо, бир Тараптын тармагынан экинчи Тараптын тармагына чалууларды жасап жатканда гана колдонула турган чакырылып жаткан абоненттин (анын телефонунун, телефаксынын, авто жооп бергичинин, модеминин же башка түпкү абоненттик түзүлүштүн (ТАТ)) жооп берген учурдан тартып, чакырылган же чакырып жаткан абоненттин чакырууну токтоткон учуруна чейинки 3 (үч) секунда узактыгындагы убакыт аралыгы, бул убакыт аралыгында тарифтештирүү жүрбөйт;
- Тармактар аралык байланыш жөнүндөгү келишимдин ар бир тарабы ар бир отчеттук мезгилдин бүткөн убакытынан тартып 5 (беш) иш күн аралыгында экинчи тарапка трафик баасынын эсеби боюнча билдирүү жөнөтүшү керек, анда эсептик мезгил аралыгында бир тараптан берилген жана экинчи тарап жагынан кабыл алынган трафик түрү, трафик багыты, чалуулар, мүнөттөр саны жана трафик баасы боюнча деталдаштырылган маалымат чагылдырылышы зарыл. Эгер маалыматтагы айырма 2 же андан кем пайызды түзсө, кириш трафикке ээ тараптын маалыматы эсепке алынат.

** Тараптардын өз ара кызматташуусунун кошумча шартттары жана тартиби тармактар аралык байланышты орнотуу туурасындагы тиешелүү сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө аныкталат.*